Тиркеме 10.

**Таалайбек Салыкбаев атындагы жалпы орто билим берүү мектебинин 2021-2022-окуу жылына карата соцпедагогдун жүргүзгөн жылдык иш-аракети тууралуу маалымдама.**

Т.Салыкбаев атындагы жалпы орто билим берүү мектебинде 2021-2022-окуу жылында мектептин соцпедагогу болуп Барыктабас кызы Сайкал иш алып барды.

Окуу жылынын башында соцпедагогдун жылдык иш планы түзүлүп бекитилген. План боюнча иштер өз убагында аткарылды.

Окуу жылынын башталышында сентябрь айында мектеп окуучуларынын ар бир классынын соц паспорту түзүлүп, ата-энелер класс жетекчилер жана класстардын үч тараптуу келишимдери үймө үй кыдыруу менен түзүлдү.
Жылдык иш планда көрсөтүлгөндөй окуучулардын соц аалын аныктоодо ички, тышкы мигрант ата-энелердин балдарынын, малчы ата-энелердин балдарынын, көп балалуу үй-бүлөөдө тарбияланган балдардын, мектептен алыс жашаган ата-энелердин балдарынын, мечитке барган эркек балдардын, хиджап (жоолук) салынган окуу кыздардын, ден соолугунан мүмкүнчүлүгү чектелген окуучулардын, толук жетим, жарым жетим окуучулардын тизмелери класс жетекчилер тарабынан такталып, маалыматтар алынган. Мындан сырткары мектептин мугалимдери жана техперсоналдары тууралуу маалыматтар такталып папка уюштурулган.

Окуу жылынын башталышы менен 15-сентябрдан баштап мектепте салтуу окутуу башталды. Бул салттууу окутуу башталаардан мурун класс жетекчилер тарабынан ата-энелерге жана окуучуларга пандемияга байланыштуу өздүк гигиенанын эрежелерин так сактоо жагы түшүндүрүлдү. Мектепке окуучулар келгенде ар бир окуучунун дене табы текшерилип атайын уюштурулган журналга жазылып турду.

Ноябрь айында кылмыштуулукту алдын алуу боюнча ар бир класска Тоң РИИБнүн ЖИИнин инспектору Асанбек уулу Ж. жана Исаков Н. ИДН кызматкери Темиркан уулу Самат тарабынан чогулуштар өтүлдү.
2021-окуу жылынын ноябрь айында келген буйруктун негизинде" Балдарга камкордук көрүү" аттуу мектеп ичинде эки айлык жарыяланып,план түзүлүп бекитилип иш чаралар өз убагында өткөрулдү. Иш чарага тузулгөн пландын негизинде баардык класс өз убагында пландын негизинде иштерди аткарышты. Иш чаранын негизги жооптулары болуп мектеп администрациясы, ФАП кызматкерлери,ЖОИ нин кызматкерлери,ата-энелер жана класс жетекчилер дайындалган.

Класс жетекчилер тарабынан окуучуларга тарбиялык сааттар отүлдү жана уюштуруучу жана соц.педагог тарабынан түшундүрүү иштери жүргүзүлдү.

" Биз зордук зомбулукка каршыбыз" аттуу дубал газетелар жана сүрөт көргөзмөлөр уюштурулду жана балдар үчүн ишеним телефону "111 " бул номер күнү түнү иштей тургандыгы тууралуу маалыматтар соц.педагог тарабынан окуучуларга маалымат берилди.

Мындан сырткары ушул эле айдын ичинде " Биз бактылуу балдарбыз" атту бир айлык жарыяланып,иштер өз убагында жургузүлдү.

3.11.21-9.11.21-чейин ички-тышкы мигрант ата-энелердин балдарынын үйлөрүн кыдыруу жургүзүлүп, акты түзүлүп, милдеттенмелер алынып, тактоо иштери жүргүзүлдү.

“ Биз бактылуу балдарбыз” аттуу темага 9-11-класстар ачык тарбиялык сабактартар өтулдү. Класс жетекчилери 9-кл: Шаршенова Тамара жана 11-кл: Чормонова Жазгул эң мыкты деңгээлде өтуп беришти,окуучулар көп маалымат ала алышты.

Мындан сырткары “ Бактылуу балалык “ аттуу темада 8-11-класстар арасында дубал газеталар,сурөт көргөзмөлөр уюштурулду.

“Спорт – ден- соолуктун булагы ,ийгилик ынтымактын башаты” атту спорттук таймаш уюштурулуп,класстар арасында женүүчүлөр аныкталып грамоталар менен сыйланышты.

Бул таймашта окуучулардын ден-соолугун чыңдоо жана ынтымакты бекемдөө ирээтинде уюштурулуп өтүлдү.

29.11.21 де “ Менин укугум жана менин милдетим” деген темада 8-10-класстар арасында ачык тарбиялык сабактар өтулдү. Бул тарбиялык саатта Тургамбаева Айзада жана Султаналиева Динара эжейлер окуучулардын укугу жана милдеттери жөнундө толук маалымат берип өтүштү.

Бул сабактар менен окуучулар өзулөрүнүн милдеттерин жана укутарын толук билип жүрүү жагы ар бир окуучуга айтылды.

8-класстан жогорку класстарга “зордук- зомбулукту алдын алабыз!” деген темада видео коргозмо уюштурулуп көргөзулдү.

Айдын аягында аткарылган иштер боюнча жыйынтыктар чыгарылып,сыйлыктар ыйгарылды.

Эки айлыктын жана бир айлыктын негизинде түзулгөн иштер боюнча толук маалыматтар оз убагында берилип турду.

Декабрь айынын башталышында ВИЧ, СПИД тууралуу маалыматтар биология жана химия мугалими Д.Султаналиева тарбиялык сааттарды өттү.

Ар бир чейрек сайын мектепке жаңы келген жана мектептен кеткен окуучулар, ички-тышкы мигрант ата-энелердин маалыматы тууралуу класс жетекчилер тарабынан такталып тиешелүү бийлик оргондарына маалыматтар берилип турду

Азыркы турмуш шартка байланыштуу ата-энеси мигрант окуучулардын уйлоруно насаатчы мугалимдер тез-тезден барып кабар алып турушту. Мектеп ичинде ал окуучулардын окууларына жана ден соолуктарына конул болунуп турду.

Азыркы учурда оспурумдор арасында зордук зомбулук коп болуп аткандыгына байланыштуу райондук метод.жетекчилерне жана ИДН кызматкерине ата-энеси мигрант окуучуларга ар бирине атайын дело дайындалып окуучу тийешелуу бардык документтерди дайындап бердик.

Ар бир ай сайын Улахол айыл өкмөтүнун соц.адисине ички-тышкы мигрант ата-энелердин балдары жана жарым жетим окуучулар тууралуу маалыматтар оз убагында класс жетекчилер тарабынан такталып берилип турду.

Мектеп ичинде кыздар жана балдар кеңеши уюшулган, бул уюмдар дагы өз убагында пландары түзулүп,бекитилип иштери алынып барылды.

23-февраль “Мекенди коргоо” күнүно карата балдар арасында конкурс уюштурулуп,мыкты деңгээлде болуп өттү. Бул конкурстун максаты балдардын патриоттуулук сезимин өнүктүрүү болчу. Бул конкурска 6-7-8-9-10-11- класстардын окуучулары катышып,жеңүүчүлөр грамоталар менен сыйланышты.

Ушундай эле конкурс 8-мартта дагы кыздар арасында уюштурулуп,жогорку деңгээлде болуп өттү. Мектебибиздин кымча бел,сулуу кыздары өз өнөрлөрүн көргөзүп беришти. Конкурстун жеңүүчүлөрү өз убагында сыйланышты.

Мектеп ичинде “Купуя сандык” уюштурулган,бул купуя сандык тууралуу окуучуларга тушундуруу иштери жыл башында журугузулуп турат жана купуя сандыктын өзүнүн жобосу бар. Купуя сандыкка атыйын папка уюштурулган. Бул папкага купуя сандыктан чыккан кайрылууларды,сунуш,пикир,даттанууларды каттайбыз жана иш алып барабыз. Купуя сандыкты ар бир айдын биринчи жумасында ачып,протоколдор жазылып,иштер жүргүзулот.

Май айында болуп өткөн “ Жоопту бол!” акциясына мектеп менен ФАП биргеликте активдүү катышып 56% болуп, айыл өкмөт боюнча экинчи орунга жетиштик

Окуу жылы аяктап жалпы мектептин ата-энелер чогулушу болуп,бул чогулушта жай айы,каникул мезгилинде ар бир окуучуга ата-энелерине маалыматтар бирилип, мидеттенмелер алынды жана жай айында окуучулар сууга тушуудо сак болуп,эрежерди так аткарууга ар бир класс жетекчилер тарабынан ата-энелерге жана окуучуларга тушундуруу иштери жургузулду.

**Маалымдама жазган**
**Соцпедагог:** **С.Барыктабас кызы**

**Таалайбек Салыкбаев атындагы жалпы орто билим берүү мектебинин 2021-2022-окуу жылына карата мектеп окуучулары тууралуу соц.маалыматы.**

**Сентябрь айы.**

| Окуучулардын жалпы саны | 6-11-класстар | 1-5-класстар | Ички мигрант | Тышкы мигрант | Көп балалуу үй бүлөдө | Мектептен алыс жашаган балдар | Мечитке барган окуучулар | Хиджап ( жоолук) салынган окуучу | Малчылардын балдары | ДМЧ балдар | Жарым жетим | ИДН дин козомолундогу |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 229\ 112 | 97 \48 | 118\ 63 | 15\6 | 19\ 14 | 50 | 13 | 6 | 3 | 7 | 1 | 5\ 5 | - |

**Июнь айы.**

| Окуучулардын жалпы саны | 6-11-класстар | 1-5-класстар | Ички мигрант | Тышкы мигрант | Көп балалуу үй бүлөдө | Мектептен алыс жашаган балдар | Мечитке барган окуучулар | Хиджап ( жоолук) салынган окуучу | Малчылардын балдары | ДМЧ балдар | Жарым жетим | ИДН дин козомолундогу |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 229\ 112 | 97 \48 | 118\ 63 | 15\6 | 10\ 8 | 50 | 13 | 10\ 10 | 3 | 7 | 1 | 6\ 5 | - |

**2022-2023-окуу жылына карата алдыга койгон максаттар :**

- **Эн алгач окуу жылына карата жылдык жана айлык пландарды эң жогрку деңгээлде түзүп,бекиттирүү**
- **Пландын негизинде баардык иш чараларды өз убагында ,так аткаруу**
- **РайБББ, ЖОИнин кызматкерлери,ФАП кызматкерлери, АДК нын мүчөлөрү,соц.адис, Бишкек шаардык психологдор менен тыгыз байланышта болуу**
- **“Жаш куткаруучулар чукул кырдаалдарга реакция жасоо ыкмаларын өздоштүрүү” аттуу КР Кызыл жарым ай Улуттук Коому жана ЮНИСЕФ менен биргеликте уюштурган конкурска катышуу**
- **Суицидти алдын алуу боюнча Райондук методист менен биргеликте семинар өтүү**
- **Жаш өспүрүмдөр арасында укук бузууларды алдын алуу боюнча мектп ичинде чоң иш чара өткөзүү**
- **Мектеп ичинде класс жетекчилерге жана мектептин жалпы ата-энелерине балдардын “ Социалдык психологиялык факторлору” жөнүндө семинар өтүү**
- **Ар бир окуучу менен жекече иш алып баруу**
- **Жалпы ата-энелер менен тыгыз байланышта болуу**
- **Зордук зомбулукту алдын алуу боюнча онлайн конкурстарга окуучуларды катыштыруу**
- **Келген буйруктарындын негизинде жогорку деңгээлде иш алып баруу**